КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛАСТЫ
ДЕПУТАТТАРДЫН ТАЛАС ШААРДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ

Shaar.kenesh@gmail.com

Shaar.kenesh@gmail.com

# Депутаттардын Талас шаардык кенешинин VIII чакырылыштагы кезектеги XXXVI сессиясынын №255/36-8 ТОКТОМУ

**5-август, 2024-жыл** **Талас шаары**

## Талас шаардык "Таза-Суу" муниципалдык ишканасынын таза суу жана саркынды сууларга кызмат көрсөтүүнүн тарифтик коюмдарын бекитүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамынын 34-беренесинин 2-бөлүмүнүн 11-пункту, Талас шаарынын мэриясынын 25.07.2024-жылдагы №01-19/2097 чыгыш сандуу катынын негизинде, Талас шаардык кеңешининин "Бюджет жана муниципалдык менчикти башкаруу маселелери боюнча" туруктуу комиссиясынын протоколун жана корутундусун карап, талкуулап чыгып, Депутаттардын Талас шаардык кеңешинин сессиясы

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Талас шаардык "Таза-Суу" муниципалдык ишканасынын таза суу жана саркынды сууларга кызмат көрсөтүүнүн тарифтик коюму, туташуу үчүн техникалык шарттын тарифи жана Hyundai R60W-95 маркасындагы экскаватордун кызмат көрсөтүү тарифи тиркемеге ылайык бекитилсин.
2. Депутаттардын Талас шаардык кенешинин 06.04.2022-жылдагы №81/11-8 токтомунун "Талас шаардык "Таза Суу" муниципалдык ишканасынын таза суу менен камсыздоо жана саркынды сууларга төлөнүүчү тарифтик коюмдарын бекитүү жөнүндө" 1-тиркемеси жокко чыгарылсын.
3. Кабыл алынган токтомду Талас шаарынын мэриясынын сайтына жарыялоо жана Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актылардын мамлекеттик реестринен каттоодон өткөрүүнү көзөмөлдөө Депутаттардын Талас шаардык кеңешинин жооптуу катчысына ( А.Сариева) тапшырылсын.
4. Токтомдун аткарылышына көзөмөлдүк кылуу Депутаттардын Талас шаардык кеңешинин "Бюджет жана муниципалдык менчик башкаруу боюнча" туруктуу комиссиясынын төрагасына (У.Атагелдиев) тапшырылсын.

**Төрага** **К.Джаныбеков**